КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОН-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 21-сессиясынын токтому

2026-жылдын 19-октябры № 178 Манас айылы

Жер участогунун максаттуу багытын которуу тууралында

Чоң - Алыш айыл аймагынын айылынын тургуну Артыкбаев Таалайбек Жамалбековичке тийиштүү болгон Чат-Базар айылындагы Эдилов Разабек көчөсүнүн № 42А даректинде жайгашкан (6-04-10-1002-0755) жер гилкесин өндүрүш багытынан турак жай багытына которуу максатында жазылган арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12 - беренесин жетекчиликке алып **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Чат-Базар айылынын тургуну Артыкбаев Таалайбек Жамалбековичке тийиштүү болгон Чат-Базар айылындагы Эдилов Разабек көчөсүнүн № 42 даректинде жайгашкан (6-04-10-1002 0755) 3875,0 чарчы метр жердин өндүрүш багытынан, турак жай куруу багытына которууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документтеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомду 30 күндүн ичинде мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Талас район ук филиалы тарабынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

Торага **Т.Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 21-сессиясынын токтому

2026-жылдын 19-октябры № 179 Манас айылы

Кара-Суу айылынын генералдык планындагы жолдордун параметрлерин тактоо жана өзгөртүү жөнүндө

Кара-Суу айылынын башкы планын иш жүзүндөгү абалга жана колдонуудагы шаар куруу талаптарына ылайык келтирүү, башкы планда айрым жолдордун туурасы жана кызыл сызыктары ашыкча өлчөмдө көрсөтүлүп калгандыгына байланыштуу аларды кайрадан тактоо максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине, Кыргыз Республикасында айылдык калктуу конуштардын аймактарын планташтыруу жана куруу боюнча колдонуудагы ченемдерге таянып, Чоң-Алыш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу айылынын башкы планында көрсөтүлгөн жолдордун туурасы жана кызыл сызыктары кайрадан каралып, иш жүзүндөгү абалга жана колдонуудагы шаар куруу ченемдерине ылайык такталсын жана зарыл болгон жерлерде метр өлчөмдөрү азайтылсын. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

2. Өзгөртүлгөн материалдарды мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик архитектура жана шаар куруу органдары менен макулдашуу:
гакталган башкы планды айылдык кеңештин кароосуна киргизүү тапшырылсын
(тиркеме 1 баракта)

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзомолдоо Чоң-Алыш айылдык кеңешинин жер комиссиясына милдеттендирилсин;

4. Токтомдун аткарылышын көзомөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

Төрага **Т.Бейшеналиев**

Тиркеме

Кара-Суу айылынын генералдык планда жолдор боюнча мурда көрсөтүлгөн параметрлерди тактоо төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлсүн:

Жолдун/көчөнүн аталышы

Ген пландагы өлчөмү

Такталган өлчөмү

1.Нуржигитов Абас ген планда 20 Такталган өлчөмү 16

2.Токтогазиев Шүкүрбек ген планда 16 Такталган өлчөмү 14

3. Оторбаев Бузурманкул ген планда 40 Такталган өлчөмү 32

4.Жаныбаев Сманалы ген планда 20 Такталган өлчөмү 16

5. Мамбеталиева Айты ген планда 20 Такталган өлчөмү 16

6. Молдалиев Жаныш ген планда 16 Такталган өлчөмү 12

7. Карабаев Сагынбек ген планда 20 Такталган өлчөмү 16

8. Кыдыралиев Мамытказы ген планда 20 Такталган өлчөмү 16

9. Абдыш уулу Табыш ген планда 16 Такталган өлчөмү 12

10. Сулайманов Жумагул ген планда 16 Такталган өлчөмү 14

11. Айталиев Дөөлөтказы ген планда 16 Такталган өлчөмү 12

12.Нуманбет уулу Турдаалы ген планда 16 Такталган өлчөмү 12

13. Молдалиев Кенжалы ген планда 16 Такталган өлчөмү 14

Генералдык пландагы жолдордун такталган параметрлерин тиешелүү адистер жана долбоорлоочу уюм менен биргеликте кайра карап чыгуу;

зарыл болгон учурда жолдордун туурасын, кызыл сызыктарын жана тиешелүү графикалык материалдарды өзгөртүү.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 21-сессиясынын токтому

2026-жылдын 19-октябры № 180

Манас айылы

Айыл чарба жер үлүшүнө тиешелүү салыкты болуштүрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 22-беренесин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезектүү 21- сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине республикалык бюджеттен компенсация түрүндө келип түшкөн айыл чарба жер үлүшүнө тиешелүү 861000 сом:
   - 300000 сом А.Эшалиева бала бакчанын от жагуу болмо салууга;
   - 111000 сом документтери жок имараттарга документ алуу үчүн;
   - 150000 сом Ш.Жумагулов мектебине панель алууга;
   - 300000 сом БСРди тазалоо ишине 1 СМ алууга чыгыштасын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл окмөт башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Т. Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышының кезектүү 21-сессиясының токтому

2026-жылдын 19-октябры № 181 Манас айылы

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесин ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезектүү 21- сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетинин планга коюлган киреше салыгынын 1000000 сомдон, муниципалдык менчикте турган ишкана арендасынын 300000 сом пландан чыга албай калган себептен киреше тармагынан кыскартылсын.

2. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн чыгаша тармагынан аппараттын 3111 беренесинде турган 1300000 сом кыскартылсын.

3.Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Т. Бейшеналиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 21-сессиясынын токтому

2026-жылдын 19-октябры № 182

Манас айылы

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-берене, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX чакырылышынын кезектүү 21- сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн бюджетинин экономиясында калган суммаларды
   - аппарат тармагынын 2224 беренесинин көмүрдөн калган -21800сомду;
   - аппарат тармагынын 3111 беренесинин өздүк салымга деп каралган - 130000сомду;
   - орто мектептер тармагынын 2224 беренесинин мектептердин көмүрүнөн артып калган - 402200сомду;
   - балдар бакча тармагынын 2224 беренесинин бала бакчалардын көмүрүнөн артып калган – 553700сомду экономия суммадан кайра төмөндөгү беренелерге чыгышталсын.

   - Аппарат тармагынын 2215 беренесине ар кандай чыгымдарга - 727600сом;
   - аппарат тармагынын 2221 беренесине Чат Базар айылында жайгашкан көпүрөнү оңдоо иштерине -37000сом;
   - балдар бакча тармагынын 2222 беренесине "Бермет ана", "Сабира ана" бала бакчаларга суу насос (матор) алууга жана ар кандай чыгымдарына - 72000сом;
   - соц. защита тармагынын 2721 беренесине Карылар күнүн уюштуруу иштерине 271000сом акча каражаттары ушул беренелерге бөлүштүрүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жаңы айыл өкмөт башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жаңы экономика бюджет, соода өнөр жай, инвестициялар жана ишмердүүлүктү колдоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага

Т. Бейшеналиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 21-сессиясынын токтому

2026-жылдын 19-октябры 183 Манас айылы

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен эмгек маянасына кошумча төлөмдөрүн берүү жөнүндө

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө Жарлыгынын 4-5- бөлүктөрүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августу № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 2026-жылдын 9 айындагы ишин жыйынтыктап, эмгек акы фондунда каралган үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен Чоң-Алыш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен эмгек маянасына кошумча төлөмдөрүн кызматкерлерге иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгүнүн жыйынтыгында өкмөт башчысынын буйругу менен кызматтык маянага карата пайыз менен (20% дан 100%га чейин) үстөк акы айыл өкмөт башчысынын кароосуна белгиленсин.

2. Эмгек маянасына кошумча төлөмдөрдү берүү эмгек акы фондунан үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлсүн

3. Токтом кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовго жүктөлсүн.

Төрага **Г. Бейшеналиев**